05.03.2026-ж. №45 Буйрукка
№1 Тиркеме

АЧЫК ОФЕРТА
(«Мой О!» мобилдик тиркемесинин колдонуучуларынын «Грин Телеком Сервис» ЖЧКсынын Бонустук программасына катышуу жөнүндө сунушу)

1. Терминдер жана аныктамалар.

1.1. Бонустук Программа, Программа – Төлөмдөрдү жүргүзүүгө жана «Мой О!» мобилдик тиркемесин колдонууга кызыктыруу максатында «О!Деньги» төлөм системасынын Катышуучулары жана Жабдуучулары үчүн иштелип чыккан лоялдуулук программасы;

1.2. Бонустук эсеп – чегерилген/эсептен чыгарылган Бонустардын саны жана Бонустардын учурдагы балансы жөнүндө эсептик жана маалыматтык маалыматтардын жыйындысы;

1.3. Бонустар же кешбэк – Программанын алкагында Өнөктөштүк тармагына кирген Жабдуучунун пайдасына жүргүзүлгөн Төлөмдөр үчүн Программанын Катышуучуларын кызыктырган, ошондой эле Колдонуучулардын лоялдуулугун жогорулатуу максатында Оператор тарабынан чегерилген же Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы (КРУБ) тарабынан берилген лицензияларда каралган Кызмат көрсөтүүчү катары Оператордун кызматынан пайдаланууга дем берүүгө багытталган виртуалдык бирдиктер (анын ичинде Жабдуучу тарабынан берилген кийинкиге калтырылган арзандатуунун түрү). Бонустар акчалай эквивалент болуп саналбайт жана акчалай эквивалентте пайдаланылбайт: накталай, накталай эмес (анын ичинде электрондук акчалар) формасында, ушул Келишимдин алкагында Төлөмдүн компенсациясынын өлчөмүн эсептөөнү, ошондой эле Төлөм жокко чыгарылган же товарлар кайтарылган учурда акча каражаттарын кайтарууда эсепке алууну кошпогондо. Сервистердин ар бири боюнча чегерилген Бонустардын саны Жабдуучу жана/же Оператор тарабынан (Оператор Кызмат көрсөтүүчү катары чыккан учурларда) ушул Келишимде белгиленген чектөөлөрдү эске алуу менен аныкталат. Бонустар ушул Келишимде каралбаган учурларда колдонууга жатпайт;

1.4. Келишим – ушул Ачык Офертанын тексти;

1.5. Компенсация – Төлөм жүргүзүүдө колдонулуучу, ошондой эле Катышуучу жана Оператор тарабынан аныкталган Төлөмдүн бөлүгүн жабуучу/алмаштыруучу, бирок кандай гана болбосун, Компенсациялоо учурунда Бонустук эсепте топтолгон Бонустардын суммасынан ашпай турган Бонустардын суммасы;

1.6. Оператор – «Грин Телеком Сервис» жоопкерчилиги чектелген коому, ал Бонустук Программанын процессингин ишке ашырат, Бонустарды чегерүү жана пайдалануу бөлүгүндө Катышуучулардын Өнөктөштүк тармагы менен өз ара иш алып баруусу үчүн жооптуу болот;

1.7. Өнөктөштүк тармагы – Төлөм системасынын Жабдуучулары тарабынан Төлөм боюнча көрсөтүлүүчү кызматтардын тизмеси, алардын пайдасына Катышуучунун Бонустарын чегерүү жана эсептен чыгаруу жүргүзүлөт. Көрсөтүлүүчү кызматтардын тизмеси толук эмес жана Оператор тарабынан өзгөртүлүшү/толукталышы мүмкүн;

1.8. Төлөм – кызмат көрсөтүүлөргө, жумуштарга, товарларга акы төлөө боюнча милдеттенмелерди аткаруу максатында Жабдуучунун пайдасына «Мой О!» мобилдик тиркемесин колдонуу менен Колдонуучу тарабынан акча каражаттарын которуу;

1.9. Төлөм системасы, Система – «О!Деньги» төлөм системасы, анын Оператору болуп «Грин Телеком Сервис» жоопкерчилиги чектелген коому эсептелет, ал системанын Катышуучуларынын ортосунда акча жүгүртүүнү камсыз кылуучу технологиялардын, жол-жоболордун, эрежелердин жана төлөм инструменттеринин, анын ичинде программалык камсыздоонун, терминалдык тармактын өз ара байланышкан системасын билдирет;

1.10. Колдонуучу – Келишимге кошулуу аркылуу Оператор менен Келишим түзгөн, ошондой

эле идентификациялоо жол-жобосунан өткөн жана жеткиликтүү лимиттердин, инструменттердин жана сервистердин алкагында финансылык транзакцияларды (Төлөмдөрдү) жүргүзүү максатында Системаны колдонуу укугуна ээ болгон жеке адам;

1.11. Жабдуучу – алардын пайдасына Колдонуучу Төлөмдөрдү жүргүзгөн юридикалык жактар жана жеке ишкерлер;

1.12. Бонустарды чегерүү жол-жобосу – Келишимде каралган шарттарга ылайык Катышуучунун Бонустук эсебиндеги Бонустардын санынын көбөйүшүнө алып келген жол-жобо;

1.13. Бонустарды эсептен чыгаруу жол-жобосу – Келишимде каралган негиздер боюнча Катышуучунун Бонустук эсебиндеги Бонустардын санынын азайышына алып келген жол-жобо;

1.14. Кызмат көрсөтүүлөр – Оператордун ишинин натыйжасы болбогон товарлар, жумуштар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн Төлөм системасы аркылуу Жабдуучулардын пайдасына Төлөмдөрдү кабыл алуу жана эсептешүүлөрдү жүргүзүү боюнча кызмат көрсөтүүлөр;

1.15. Программанын Катышуучусу, Катышуучу – ушул Келишимге ылайык Программага катышуу ниетин билдирген жеке адам, «Мой О!» мобилдик тиркемесинин Колдонуучусу. Программанын Катышуучусу болуу менен Колдонуучу ушул Келишимдин, Программанын эрежелеринин шарттарына шартсыз макулдугун билдирет, ошондой эле «Мой О!» мобилдик тиркемесиндеги Колдонуучунун Жеке кабинетинде Бонустардын калдыгын көрсөтүү максатында гана үчүнчү жактарга өзүнүн Бонустук эсебинин абалы жөнүндө маалыматты ачыктоого, ошондой эле жарнамалык, маркетингдик жана башка маалыматтык материалдарды алууга макулдугун билдирет.

2. Жалпы жоболор.

2.1. Бул Ачык оферта Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 398-беренесинин 2-пунктуна ылайык, «Грин Телеком Сервис» жоопкерчилиги чектелген коомунун ушул Офертада баяндалган шарттарда Жабдуучулардын пайдасына товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн Төлөмдөрдү жүргүзүү үчүн алынган Бонустарды топтоо жана пайдалануу максатында мындан ары «Катышуучу» деп аталган жеке адам менен, биргеликте «Тараптар» деп аталгандар менен «Мой О!» тиркемесин Колдонуучулардын Оператордун Бонустук программасына (мындан ары – «Программа») катышуу Келишимин түзүү жөнүндө расмий ачык сунушу болуп саналат.

2.2. Бул Оферта «О!Деньги» системасын колдонуу жөнүндө Ачык офертанын ажырагыс бөлүгү болуп саналат, Өнөктөштүк тармагына кирген Жабдуучулардын дарегине «Мой О!» тиркемесинде Төлөмдөрдү жүргүзүүдө Программанын Катышуучусунун Бонустук эсептерине Бонустарды чегерүү, эсептен чыгаруу жана топтоо тартибин жана шарттарын аныктайт, «Мой О!» тиркемесинин Колдонуучулары үчүн Оператордун Бонустук программасына катышуу эрежелерин, ошондой эле чегерилген Бонустарды колдонуу шарттарын белгилейт, ал Кыргыз Республикасынын бардык аймагында колдонулат.

2.3. Ушул Офертанын төмөндө баяндалган шарттарына макул болгон Колдонуучу Оператордун Бонустук программасына катышуу жөнүндө келишим түзүү мүмкүнчүлүгүнө ээ. Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 399-беренесинин 3-пунктуна ылайык, Колдонуучунун Өнөктөштүк тармагында «Мой О!» тиркемеси аркылуу Төлөм жүргүзүүсү көрсөтүлгөн адам тарабынан ушул Офертада баяндалган шарттарда келишим түзүүсү болуп эсептелет, бул акцепт болуп саналат. Жогоруда баяндалгандардын маанилүүлүгүн эске алганда, ушул Офертанын шарттарында келишим түзүүгө кызыкдар болгон Колдонуучуга анын тексти менен кунт коюп таанышып чыгуу жана кандайдыр бир пункт менен макул болбогон учурда Бонустук программага катышуудан жана аны колдонуудан баш тартуу сунушталат.

2.4. Колдонуучу 9999, +996700000999 телефон номерлери, Whatsapp: https://wa.me/996700000999, Telegram: https://t.me/+996700000999 же info@dengi.kg электрондук почтасы аркылуу кошумча маалымат ала алат.

3. Программага катышуу.

3.1. Колдонуучу Бонустар чегерилгенден кийин же Өнөктөштүк тармагында Төлөм жүргүзүлгөндөн кийин (кайсынысы биринчи болгонуна жараша) автоматтык түрдө Программага кошулат жана анын Катышуучусу болуп калат жана Бонустук эсепке Бонустарды топтой алат, ошондой эле Өнөктөштүк тармагынын сервистеринин дарегине Төлөмдүн суммасын толук же жарым-жартылай компенсациялоо максатында бул Бонустарды колдоно алат.

3.2. Программага ишкердикти жүзөгө ашырууга байланышпаган Төлөмдөрдү жүргүзгөн Катышуучулар гана катыша алышат.

3.3. Программага кошулууга багытталган иш-аракеттерди аткаруу менен Колдонуучу ушул Оферта менен таанышып чыкканын, Программага катышуу шарттарын кабыл алганын, аларга макул экенин ырастайт жана аларды сактоого милдеттенет.

3.4. Программанын алкагында, Катышуучулар Өнөктөштүк тармагында өзүнүн кийинки төлөмдөрүн компенсациялоо максатында Бонустарды Бонустук эсепке топтошот.

3.5. Оператор себептерин кошумча түшүндүрбөстөн, ушул Офертанын шарттарында бир тараптуу тартипте Колдонуучуга Келишим түзүүдөн баш тартуу укугун өзүнө калтырат.

4. Бонустарды чегерүү тартиби.

4.1. Катышуучу тарабынан Өнөктөштүк тармагынын дарегине Төлөм жүргүзүлгөндүгү үчүн Оператор Катышуучунун Бонустук эсебине Бонустарды чегерет. Мында Оператор Бонустар чегериле турган кызмат көрсөтүүлөрдүн категорияларынын тизмесин ай сайын аныктоого укуктуу. Ар бир календардык айдын ичинде Катышуучу ага Бонустар чегериле турган кызмат көрсөтүүлөрдүн эки категориясын тандап алууга укуктуу. Категорияларды учурдагы айдын ичинде гана тандоого болот жана жаңы календардык ай башталганда автоматтык түрдө нөлгө түшүрүлөт. Ушуга байланыштуу, ар бир айдын башында Катышуучу тиешелүү айда Бонустарды чегерүү үчүн кызмат көрсөтүүлөрдүн эки категориясын кайра тандап алышы керек. Эгерде Катышуучу кызмат көрсөтүүлөрдүн категориясын тандабаса, Бонустар Өнөктөш тармагында көрсөтүлүүчү кызматтар боюнча гана чегерилет.

4.2. Жүргүзүлгөн Төлөм үчүн чегерилген Бонустардын саны жөнүндө маалымат «Мой О!» тиркемесинде жеткиликтүү.

4.3. Бонустар Оператор тарабынан Бонустук эсепке чегерилет жана Өнөктөштүк тармагында Төлөмдөрдү жүргүзүү үчүн ошол заматта же Жабдуучу тарабынан белгиленген мөөнөттө колдонулушу мүмкүн.

4.4. 1 Бонустун базалык наркы Төлөмдүн компенсациясын эсептөө максатында гана 1 сомго барабарланат. Мында, Өнөктөштүк тармагынын Жабдуучулары менен биргеликте Операторду айрым акцияларын өткөрүүдө улуттук валютада туюндурулган Бонустардын эквиваленти өзгөрүшү мүмкүн, бул тууралуу Оператор Катышуучуга алдын ала кабарлайт.

4.5. Бонустук эсепке Бонустарды чегерүү мөөнөтү Төлөм жүргүзүлгөн Өнөктөштүк тармагына жараша болот.

4.6. Ушул Офертанын 4.1-пунктунда келтирилген негиздерге кошумча, Бонустук программанын алкагында атайын акциялар болушу мүмкүн, алардын шарттары боюнча Бонустук программанын Катышуучуларына кошумча иш-аракеттерди жасагандыгы үчүн Бонустар чегерилиши мүмкүн.

4.7. Төлөөчү чегерилген Бонустарды алар чегерилген күндөн тартып 12 (он эки) айдын ичинде колдоно алат, буга атайын акциялардын алкагында чегерилген башка колдонуу мөөнөтү бар Бонустар кирбейт. Колдонуу мөөнөтүндө сатып алууларга төлөө үчүн колдонулбаган Бонустар Бонустук эсептен жокко чыгарылат.

4.8. Эгерде техникалык себептер боюнча Катышуучунун Бонустук эсебине Бонустарды чегерүү мүмкүн болбосо, Оператор бузулуулар оңдолгонго чейин Катышуучуга Бонустук эсепке Бонустарды чегерүү боюнча операцияларды жүргүзүүдөн баш тартуу укугун өзүнө калтырат.

4.9. Эгерде техникалык себептер боюнча Төлөм жүргүзүү учурунда Бонустук эсепке Бонустарды чегерүү мүмкүн болбосо, Катышуучу чегерилген Бонустарды Төлөм жүргүзүлгөндөн кийин, бирок Төлөм жүргүзүлгөн күндөн тартып 2 (эки) айдан кечиктирбестен, Оператордун Колдоо кызматына кайрылуу жолу менен алууга укуктуу.

5. Бонустарды эсептен чыгаруу тартиби.

5.1. Өнөктөштүк тармагында Бонустар менен Төлөм жүргүзүүдө Катышуучу «Төлөө ыкмасы» бөлүмүндө Бонустар менен төлөөнү тандайт.
5.2. Төлөө үчүн зарыл болгон Бонустардын саны Катышуучунун Бонустук эсебинен чыгарылат.
5.3. Бонустар Бонустук эсепке чегерилгенден кийин дароо алар эсептен чыгарылат.
5.4. Бонустарды Катышуучу Төлөмдүн суммасын жарым-жартылай компенсациялоо үчүн да, Төлөмдүн толук суммасын компенсациялоо үчүн да колдоно алат.
5.5. Ушул Офертанын шарттарында Келишим түзүү менен Катышуучу төмөнкү учурларда Операторго Катышуучунун кошумча буйругусуз (макулдугусуз) Катышуучунун Бонустук эсебинен Бонустарды бир тараптуу тартипте чыгаруу укугун берет:
- Бонустар туура эмес (жаңылыш) чегерилгенде;
- Бонустар чегерилген товарлар кайтарылганда. Эгерде товарды кайтарууда Катышуучунун Бонустук эсебинде эсептен чыгаруу үчүн Бонустар жетишсиз болсо, Оператор кайтарылган товар үчүн чегерилген бонустардын суммасына эквиваленттүү сумманы кемитүү менен акча каражаттарын кайтарып берүүгө укуктуу;
- Бонустар чегерилген учурдан тартып 12 ай өткөндө;
- атайын акциялардын алкагында чегерилген, колдонуу мөөнөтү чектелген Бонустардын колдонуу мөөнөтү аяктаганда;
- Катышуучунун Программага катышуусу токтотулганда;
- Программаны ак ниет менен эмес колдонуунун натыйжасында Бонустар чегерилгенде;
- Программа токтотулганда;
- Катышуучунун электрондук капчыгы жабылганда, анын ичинде Оператордун же Катышуучунун демилгеси боюнча жабылганда, электрондук капчык жабылган күнгө карата Бонустук эсепте эске алынган бардык пайдаланылбаган Бонустар бөлүгүндө.
5.6. Бонустар накталай же накталай эмес деп туюндурулбайт, акчалай эквивалентте берилбейт жана Өнөктөштүк тармагында төлөө үчүн гана колдонулат.
5.7. Эгерде техникалык себептер боюнча Катышуучунун Бонустук эсебинен төлөө үчүн Бонустарды эсептен чыгаруу мүмкүн болбосо, Оператор бузулуулар оңдолгонго чейин Катышуучуга операцияны жүргүзүүдөн баш тартуу укугун өзүнө калтырат.
5.8. Төлөм жарым-жартылай Бонустар менен, жарым-жартылай акча менен төлөнгөн учурда, мындай Төлөм үчүн Бонустук эсепке чегерилген Бонустардын саны колдонулган Бонустардын суммасын (санын) чыгарып салуу менен эсептелет.

6. Программага Катышуу боюнча чектөөлөр (Өзгөчөлүктөр).

6.1. Ушул бөлүмдө баяндалган Программага Катышуу боюнча чектөөлөр (өзгөчөлүктөр) кызматтарды талаптагыдай эмес көрсөтүүнүн жагдайлары болуп саналбайт жана чыгымдардын ордун толтуруу жөнүндө талаптарды билдирүү үчүн негиз боло албайт.
6.2. Алардын пайдасына Төлөмдөр кабыл алынган Өнөктөштүк тармагынын сервистеринин тизмеси жана Төлөмдөрдүн лимиттери Катышуучунун Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык идентификациялоо жол-жобосунан өтүү ыкмасына жараша болушу мүмкүн.
6.3. Оператор Катышуучунун шектүү деп эсептелген иш-аракеттеринин негизинде, анын ичинде Кыргыз Республикасынын кылмыштуу ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык Келишимдин шарттарын бузууга убактылуу же дайыма жаралган шектенүүлөрдүн

негизинде, ошондой эле Оператор тарабынан Катышуучунун мыйзамсыз ишке тартылуу тобокелдиктери аныкталгандын негизинде Катышуучунун Программаны колдонуусуна чектөө коюуга укуктуу.
6.4. Катышуучуга Төлөм системасынын чектөөлөрү толугу менен же жарым-жартылай колдонулушу мүмкүн.
6.5. Оператор тарабынан Бонустарды чегерүү боюнча төмөнкү негизги чектөөлөр колдонулат:
6.5.1. Бонустар Төлөмдүн өлчөмү минималдуу чекке барабар же андан ашкан шартта чегерилет, эгерде мындай чек Оператор тарабынан белгиленген болсо. Өлчөмү минималдуу чектен ашпаган Төлөмдөргө Бонустар чегерилбейт.
6.5.2. Бир календардык айдын ичинде QR-Төлөмдөрдү жүргүзүүдө Катышуучу тарабынан Бонустарды алуу боюнча лимит Оператор тарабынан белгилениши мүмкүн. Катышуучу белгиленген лимитке жеткен учурда Бонустарды чегерүү токтотулат. Көрсөтүлгөн лимит тиешелүү календардык айдын чегинде колдонулат. Бул календардык ай аяктагандан кийин лимит автоматтык түрдө нөлгө түшүрүлөт жана кайра эсептөө кийинки календардык айдын башынан башталат.
6.5.3. Оператор тарабынан календардык сутка ичинде төлөмдөрдү кабыл алуунун уникалдуу пунктунда Бонустар чегериле турган Төлөмдөрдүн санына лимит (бир sid/QR-код) белгилениши мүмкүн. Белгиленген лимиттен ашкан учурда көрсөтүлгөн сутканын алкагында кийинки Төлөмдөр боюнча Бонустар чегерилбейт. Суткалык лимит тиешелүү календардык сутканын чегинде колдонулат жана ал убакыт өткөндөн кийин автоматтык түрдө нөлгө түшүрүлөт, андан кийин Төлөмдөрдү кайра эсептөө кайрадан башталат.
6.5.4. Ушул 6.5-пункта көрсөтүлгөн бардык шарттар жана лимиттер эки өлчөмдүү QR штрих-код аркылуу «О!Деньги» төлөм системасын пайдалануунун алкагында колдонулат.
6.5.5. Ушул 6.5-пункта каралган бардык лимиттер жана чектөөлөр эсептик жазуулардын санына, телефон номерлерине, түзмөктөргө же ал адам тарабынан колдонулган идентификациялоонун башка ыкмаларына карабастан бир жеке адамга карата жалпы колдонулат. Бир жеке адам бир нече эсептик жазууларды колдонуу менен Бонустарды алган учурда, көрсөтүлгөн лимиттер мындай адам үчүн жалпы болуп эсептелет.
6.5.6. Бонустарды чегерүү боюнча лимиттер жана башка чектөөлөр Оператор тарабынан ушул Офертанын 7.3-пунктунда каралган тартипте өз алдынча белгиленет.
6.5.7. Оператор Катышуучуга алдын ала билдирүүсүз төлөмдөрдү кабыл алуунун айрым пункттарында Бонустарды чегерүүнү өз каалоосу боюнча чектөөгө укуктуу.

7. Тараптардын укуктары жана милдеттери.

7.1. Катышуучу анын иш-аракетке жарамдуулугу чектелбегендигин, камкорчулукта жана көзөмөлчүлүктө, ошондой эле колдоочулукта турбагандыгын, ден-соолугунун абалы боюнча өз укуктарын өз алдынча жүзөгө ашыра ала жана коргой ала тургандыгын, милдеттерин аткара ала тургандыгын, түзүлүп жаткан Келишимдин маңызын жана аны түзүү жагдайларын баамдап билүүгө тоскоол болуучу оорулар менен оорубагандыгын тастыктайт.
7.2. Катышуучу купуялуулукту сактоо, өзүнүн идентификациялык/аутентификациялык/авторизациялык маалыматтарын санкциясыз колдонууга жол бербөө жана Программада үчүнчү жактар тарабынан ал маалыматтарды санкциясыз алуудан коргоо боюнча бардык зарыл чараларды өз алдынча көрүүгө милдеттенет.
7.3. Оператор ушул Офертага өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүгө укуктуу. Оферта өзгөртүлгөн учурда, Оператор, эгерде КР мыйзамдарында башка мөөнөт белгиленбесе, Офертанын жаңы редакциясы күчүнө кирген күнгө чейин 3 (үч) календардык күндөн кечиктирбестен бул тууралуу Катышуучуларга Офертанын жаңы редакциясынын электрондук версиясын өзүнүн сайтына (https://dengi.kg/) жайгаштыруу жолу менен кабарлайт.
7.4. Катышуучу ушул Офертадагы өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду өз убагында жана өз алдынча карап, көзөмөлдөп турууга милдеттенет.

7.5. Катышуучуга Программанын жардамы менен ишкердик ишти жүргүзүүгө тыюу салынат.
7.6. Катышуучу Программаны мыйзамга каршы максаттар жана мыйзамсыз финансылык операциялар үчүн, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынган товарларды сатып алуу жана кызмат көрсөтүүлөргө төлөө үчүн жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузуу менен ар кандай башка операцияларды жүргүзүү үчүн, анын ичинде үчүнчү жактардын көрсөтмөсү боюнча жана алардын кызыкчылыгында колдонбоого милдеттенет.
7.7. Оператор каалаган убакта Программаны ишке ашырууну бир тараптуу тартипте токтото турууга же токтотууга укуктуу. Программаны ишке ашырууну токтото туруу же токтотуу жөнүндө маалымат Катышуучуларга Оператордун сайтына тиешелүү маалыматты жайгаштыруу жолу менен Программаны токтото туруунун же токтотуунун болжолдуу датасына чейин кеминде 5 (беш) календардык күн мурун жеткирилет. Программа токтотулган учурдан тартып ушул Офертанын шарттарында түзүлгөн Келишим да токтотулду деп эсептелет.
7.8. Оператор Программанын ишинде техникалык чектөөлөрдүн келип чыгышынан улам Төлөмдүн суммасын компенсациялоо өлчөмүн чектөөгө укуктуу. Ошондой эле, Төлөмдүн суммасын компенсациялоо өлчөмүн чектөө Өнөктөштүк тармагынын Жабдуучусу тарабынан кызмат көрсөтүүнүн шарттарына жараша да болушу мүмкүн.
7.9. Оператор Программанын эрежелерин бузган Катышуучунун Бонустук эсебин Оператордо бар болгон маалыматтардын негизинде азайтууга укуктуу, бул мындай бузуунун жетиштүү далили болуп саналат.
7.10. Катышуучу ушул Келишимдин 7.5 жана 7.6-пункттарында көрсөтүлгөн милдеттерин бузган учурда, Оператор Катышуучунун «Мой О!» тиркемесиндеги «О!Деньги» сервисине кирүүсүнө бөгөт коюуга укуктуу, бул учурда Оператордо бар болгон маалыматтар мындай бузуунун жетиштүү далили болуп саналат.
7.11. Ушул Офертанын 7.7-пунктунда көрсөтүлгөн кабарлоо мөөнөтүнүн ичинде Оператор Бонустарды чегерүүнү жүргүзбөйт. Мында Катышуучу көрсөтүлгөн мөөнөттө мурда чегерилген Бонустарды Төлөм жүргүзүү үчүн колдонууга укуктуу.
7.12. Программаны ишке ашыруу токтотула турган мезгил ичинде (Программа токтотулган учурда) Оператор Бонустарды чегербейт, ал эми Катышуучу мурда чегерилген Бонустарды Төлөм жүргүзүү үчүн колдонууга укугу жок.
7.13. Программаны колдонуу токтотулган учурда жана Катышуучулар Бонустарды ушул Офертанын 7.7-пунктунда белгиленген мөөнөт ичинде колдонбогон учурда, Оператор Катышуучулардын Бонустук эсептеринде турган Бонустарды толук өлчөмдө жокко чыгарууга укуктуу.
7.14. Программаны колдонуу токтотулган күндөн тартып Оператор бардык Бонустук эсептерди жабат жана Катышуучулар тарабынан топтолгон бардык Бонустарды жокко чыгарат, муну менен бирге Оператор Катышуучулардын пайдасына кандай гана болбосун төлөмдөрдү жана/же компенсацияларды төлөөнү жүргүзбөйт.
7.15. Оператор ага көз каранды болбогон жагдайлардан улам (форс-мажор) Программаны токтотууга аргасыз болгон учурда, бул тууралуу Катышуучуларга мындай токтото туруу жөнүндө каалаган алгылыктуу мөөнөттө кабарланат, мында 7.7-пунктта каралган кабарлоо мөөнөтү жөнүндө жобо колдонулбайт.
7.16. Колдонуучунун «Мой О!» мобилдик тиркемесине кирүү мүмкүнчүлүгү өчүрүлгөн учурда, Оператор Катышуучулар тарабынан топтолгон бардык Бонустарды жокко чыгарат, муну менен бирге Оператор Катышуучулардын пайдасына кандай гана болбосун төлөмдөрдү жана/же компенсацияларды төлөөнү жүргүзбөйт.
7.17. Оператор Программанын каалаган программалык камсыздоосун модификациялоого укуктуу.
7.18. Оператор олуттуу бузулуулар, каталар жана үзгүлтүктөр табылган учурда, ошондой эле профилактикалык иштерди жүргүзүү жана Программага санкциясыз кирүү учурларын болтурбоо максатында, Программанын иштөөсүн камсыз кылуучу программалык жана/же

аппараттык каражаттардын ишин токтото турууга укуктуу.
7.19. Эгерде Оператор же тийиштүү мамлекеттик органдар тарабынан Катышуучуларда шектүү Төлөмдөр жүргүзүлгөндүгү аныкталса, Оператор бир тараптуу, талашсыз, соттон тышкаркы тартипте зарыл чараларды көрүүгө, анын ичинде ар кандай шектүү Төлөмдөрдү жокко чыгарууга, айрым Төлөмдөрдү жүргүзүүгө тыюу салууга укуктуу.
7.20. Эгерде Катышуучунун Программаны колдонуусу, Операторлун жеке ыктыяры боюнча, башка жактардын финансылык коопсуздугуна коркунуч жаратышы мүмкүн болсо же жаратып жаткан болсо, эгерде кирүү мүмкүнчүлүгүн чектөө үчүн техникалык зарылдык келип чыкса жана/же Төлөм системасында штаттан тышкары кырдаал орун алса, ликвиддүүлүк тобокелдиги, кредиттик/системалык/укуктук/юридикалык тобокелдиктер/алдамчылык тобокелдиктери жана Төлөм системасынын киберкоопсуздугуна коркунуч келип чыкса, Оператор алдын ала кабарлоосуз бир тараптуу тартипте Катышуучулардын Программаны колдонуусуна чектөө коюуга укуктуу.
7.21. Оператор Катышуучунун аракеттеринде укуктарды кыянаттык менен пайдалануу белгилери, ак ниетсиз аракеттер жана/же ушул Офертаны бузуу белгилери бар болгон учурда Бонустук эсепти бир тараптуу тартипте бөгөттөөгө укуктуу.
7.22. Катышуучу Программага катышуусунун негизинде Операторго карата талап коюу укуктарын үчүнчү жакка өткөрүп берүүгө укугу жок.
7.23. Катышуучуга Программаны, Программага кирүү логиндерин жана паролдорун үчүнчү жактарга сатууга/берүүгө тыюу салынат.

8. Тараптардын жоопкерчилиги.

8.1. Ушул Келишим боюнча милдеттенмелерин аткарбагандыгы же талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн Тараптар ушул Офертанын шарттарына жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат.
8.2. Оператор тиешелүү Катышуучунун Бонустук эсебине Бонустарды туура чегерүү үчүн Катышуучунун алдында жоопкерчилик тартат.
Катышуучу Программадагы анын идентификациялык/аутентификациялык/авторизациялык маалыматтары аркылуу Катышуучунун атынан жасалган үчүнчү жактардын кандай болбосун аракеттери үчүн тобокелдиктерди жана жоопкерчиликти өз алдынча тартат.
8.3. Оператор техникалык платформалардын жана транспорттук тармактардын же байланыш тармактарынын ишинин кечиктирилиши жана үзгүлтүккө учурашы үчүн жоопкерчилик тартпайт, эгерде алардын келип чыгуусунда Операторлун күнөөсү жок болсо.
8.4. Системанын Оператору Катышуучу тарабынан үчүнчү жактарга кирүү мүмкүндүгүн берүүдөн жана/же өзүнүн жеке маалыматтарын ачыкка чыгаруудан улам Катышуучунун кандай болбосун зыян тартуулары үчүн жоопкерчилик тартпайт.
8.5. Оператор Жабдуучулар тарабынан Колдонуучуга берилген товарлардын, жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн сапаты үчүн жоопкерчилик тартпайт. Оператор Катышуучу менен Жабдуучунун ортосундагы бүтүмдөрдүн мыйзамдуулугун, алардын шарттарын, ага тете мындай бүтүмдөрдү түзүү, аткаруу же бузуу фактысын жана кесепеттерин, анын ичинде мындай бүтүмдөр боюнча төлөмдөрдүн кайтарылышын жана Катышуучу жана/же Жабдуучу тарабынан тиешелүү салыктардын жана жыйымдардын төлөнүшүн жөнгө салбайт же контролдобойт. Ошондой эле Оператор Жабдуучулардын бүтүмдөр боюнча өз милдеттенмелерин, анын ичинде Катышуучу сатып алган товарларды Катышуучуга өткөрүп берүү боюнча милдеттенмелерин аткарбагандыгына (талаптагыдай аткарбагандыгына) тиешелүү Катышуучулардын доо-талаптарын карабайт.
8.6. Оператор анын таасир этүү чөйрөсүнөн тышкары болгон окуялардын жана жагдайлардын натыйжасында келип чыккан Катышуучунун чыгымдары жана терс кесепеттери үчүн жоопкерчилик тартпайт.

8.7. Оператор Катышуучулар менен Жабдуучулардын ортосунда келип чыккан талаш-тартыштар жана пикир келишпестиктер боюнча жоопкерчилик тартпайт, эгерде мындай талаш-тартыштар жана пикир келишпестиктер Операторду Программаны ишке ашыруунун алкагында өз милдеттенмелерин бузуусунан келип чыкпаса.
8.8. Оператор Катышуучунун ушул Офертанын шарттары жана/же Оператор тарабынан Келишимге киргизилген өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен ушул Офертанын 7.3-пунктунда каралган тартипте таанышып чыкпагандыгына жана/же өз убагында таанышып чыкпагандыгына байланыштуу Катышуучунун же үчүнчү жактардын кандай болбосун чыгымдары үчүн жоопкерчилик тартпайт.
8.9. Катышуучу Программаны, Программага кирүү логиндерин жана паролдорун үчүнчү жактарга берүү же сатуу үчүн, анын ичинде мыйзамсыз аракеттерди жүзөгө ашыруу максатында үчүнчү жактардын көрсөтмөсү боюнча жана алардын кызыкчылыгында Программаны колдонуу менен финансылык операцияларды жүргүзүү үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат.

9. Келишимди түзүү тартиби жана колдонуу мөөнөтү.

9.1. Бул Келишим Оператор менен Катышуучунун ортосунда кошулуу келишими формасында түзүлөт (Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 387-беренеси).
9.2. Келишимди аткаруунун алкагында Тараптардын өз ара мамилелери Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдары, Операторду ички документтери, Келишим, ошондой эле ага киргизилген толуктоолор жана өзгөртүүлөр менен жөнгө салынат.
9.3. Катышуучу «Мой О!» мобилдик тиркемесинин интерфейсинде Келишимдин шарттары менен таанышып чыккандан кийин «Мой О!» мобилдик тиркемеси аркылуу Өнөктөштүк тармагында Төлөм жүргүзүү аркылуу, же болбосо «Мой О!» мобилдик тиркемесин колдонуу менен белгилүү иш-аракеттерди аткаруу аркылуу Келишимге кошулат (Келишимдин шарттарын акцепттейт).
9.4. Келишимдин шарттарын акцепттөө менен Катышуучу Келишимдин бардык шарттарын эч кандай алып салууларсыз жана/же чектөөлөрсүз толук жана шартсыз кабыл алганын билдирет.
9.5. Келишимди колдонуу мөөнөтү чектелбейт. Келишим аныкталбаган мөөнөт ичинде же Келишимдин шарттарында жана/же Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын ченемдеринде аныкталган негиздер менен бузулган/токтотулган учурга чейин колдонулат.

10. Купуялуулук.

10.1. Оператор Программага катышууга байланыштуу Операторго белгилүү болгон Катышуучу жөнүндө маалыматтын купуялуулугун сактоого милдеттенет, буга төмөнкү учурдагы төмөндөгүдөй маалыматтар кирбейт:
- жалпыга жеткиликтүү болуп саналган;
- Катышуучунун талабы боюнча же анын уруксаты менен ачыкка чыгарылган;
- Программаны колдонууда киргизилген маалыматтардын купуялуулугун камсыз кылуу боюнча Катышуучу тарабынан тиешелүү чаралар көрүлбөгөн;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган негиздер боюнча ачыкка чыгаруу талап кылынган;
- Келишимде жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка учурлар.

11. Алдамчылык.

11.1. Ушул Офертанын шарттарына таасир этүүчү алдамчылык фактылар пайда болгон учурда, анын натыйжасында келип чыккан бардык талаш жагдайлар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык чечилет.

12. Форс-мажор.

12.1. Ар бир Тарап Келишим боюнча милдеттенмелерин аткарбагандыгы же талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн жоопкерчиликтен бошотулат, эгерде мындай аткарбоо Келишим түзүлгөндөн кийин өзгөчө мүнөздөгү окуялардын натыйжасында пайда болгон, Тараптар алдын ала биле албаган, алгылыктуу чаралар менен токтото албаган аргасыз кырдаалдардын натыйжасы болуп саналса (форс-мажор).
12.2. Аргасыз кырдаалга туш болгон Тарап бул окуялар башталган күндөн кийинки күндөн кечиктирбестен бул жөнүндө экинчи Тарапка билдирүүгө милдеттүү. Форс-мажордук жагдай ачык-айкын мүнөзгө ээ болгон жана өзүнчө маалымдоону талап кылбаган учурларды кошпогондо, Оператор өзүнүн сайтына тиешелүү маалыматты жайгаштыруу жолу менен аргасыз кырдаал башталганы жөнүндө кабарлайт. Мында Келишимди колдонуу мөөнөтү мындай окуялар болуп жаткан мөөнөткө, бирок аргасыз кырдаалдар келип чыккан күндөн тартып 2 (эки) айдан ашык эмес токтотулат, белгиленген мөөнөттөн ашкан учурда бул Келишим бузулду, ал эми ал боюнча милдеттенмелер токтотулду деп эсептелет.

Колдонуучу ушул Келишимдин бардык пункттары менен таанышып чыкканын, аларды шартсыз түрдө толук кабыл алганын, аларга макул экендигин тастыктайт жана аларды сактоого милдеттенет.